УДК 4: 943. 41(07)

Сатышева Г.А.
К.Тыныстанов атындагы ЫМУ

К.ТЫНЫСТАНОВДУН ӨМҮР ЖОЛУН ОРУС ГРУППАЛАРЫНДА ОКУТУУНУН ЖОЛДОРУ

Бул макалада кыргыз тилинин практикалык курсу сабагында колдонулган ар кыл ыкмалар, студенттердин ойлоо жана речтик активдүүлүгүн арттыруу максаты каралат. Булар кыргыз тилин орус группаларында окутуунун негизги талаптарынын бири болуп келе жатат.

Окуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептерде жана жогорку окуу жайларында орус группаларында кыргыз тил сабагында мугалим ар кандай кыйынчылыктарга дуушар болушу закон ченемдүү көрүнүш. Бирок бул кыйынчылыктар сабак өтүүдөгү методикалык мүчүлүштүктөр бара-бара жоголуу менен улам жаңы ыкмалар менен толукталып, такталып, калыптана баштайт. Эне тили менен катар башка тилди үйрөнүү – улут аралык мамилени, элдердин достугун, интернационалдык биримдигин ого бетер чындоого жана кош тилдүүлүктү активдүү өнүктүрүүгө мыкты шарт түзө тургандыгын биздин коомдук турмушубуз далилдеп көрсөтүүдө. Орус улутундагыларга кыргыз тилин окутуунун өзүнчө бөтөнчүлүктөрү бар. Анда төмөндөгүдөй негизги максаттарды аткаруу милдеттери турат.

Студенттердин өз пикирин программада белгиленген тилдик маалыматтардын көлөмүндө кыргызча мүмкүн болушунча эркин түшүндүрө алгыдай туура, катасыз жаза билгендей, оозеки речти же окуган тексттин мазмунун өз алдынча же болбосо сөздүктүн жардамы менен түшүнө билгидей кылып үйрөтүү керек. Демек, орус группаларындагы студенттер менен алардын оозеки байлыгын өстүрүү менен чектелбестен, кыргыз тили боюнча орфографиялык жана пунктуациялык жактан сабаттуулугун арттыруу милдети турат.

Студенттер кыргыз тилинин күндөлүк турмушта кеңири колдонуучу активдүү сөз каражаттарын, алардын айтылыш жана жазылыш нормаларын, тийиштүү грамматикалык маалыматтарды, кыскасы, тилдик материалдардын өтө зарыл деп эс ептелген негизин толук өздөштүрмөйүнчө бул айтылган максатты ишке ашыруу мүмкүн эмес. Студент үчүн кыргыз тили өз эне тили эмес, башка тил эсебинде окутуулары белгилүү. Бирок канткен менен да чет тилиндей эмес,анткени кыргыз алфавити орус графикасынын негизинде түзүлгөн.

Тандалган тексттер, айрым көркөм чыгармалардын үзүндүлөрү, белгилүү инсандардын өмүр жолун чагылдырган чакан тексттер студенттердин ойлоосун, байкоосун өстүрүүгө тикеден-тике байланышкан. Орус группалары үчүн түзүлгөн жумушчу программасында "Өмүрү өрнөк адамдар" деген теманын ичинде А.Осмонов, К.Тыныстанов, Т.Сатылганов, Курманжан датка, Ч.Айтматов, К.Карасаев жана башка инсандардын өмүр жолу жана чыгармалары жөнүндөгү темалар орун алган. Жөнөкөй текстти которуп, окуп, текстке карата суроолорду түзүп, текстке чейинки көнүгүүлөрдү иштөөгө караганда,тигил же бул инсандын өмүр жолун өздөштүрүү, даталарды эсине түшүрүп эстеп калуулары, текстти сүйлөп берүүсү оор. Ушул абалдан чыгуу үчүн бир кыйла методикалык ыкмаларды колдонуу талап кылынат.

Алгач мугалим тарабынан баса белгилеп кетүүчү маселе - 1937-жылкы репрессия. Бул жеке эле К.Тыныстановго гана тиешелүү эмес. Ал бүткүл совет интеллигенциясы менен коомдук ишмерлерге карата багытталгандыгын, айрым бир тарыхый фактылар аркылуу 25 миллион адам репрессиялангандыгын студентке билдирүү керек. Ошондой эле Кыргыз Республикасы өз алдынча мамлекет болгондон кийин Ата-Бейиттен Касым Тыныстановдун, Касым окшогон

137 адамдын сөөгү табылып, алардын бардыгы ошол кездеги кыргыз интеллигенциясынын каймагы болгондугун, алардын арасында жалпы кыргыз элине аттын кашкасындай таанымал болгон Ж.Абдырахманов, Т.Айтматов, К.Шоруковдордун да сөөгү бар экендигин мугалим эскере кеткени оң.

Касым Тыныстановдун өмүр жолун орус группаларга үйрөтүүдө төмөндөгүдөй ыкмаларды колдонуу жакшы натыйжа берет дегибиз келет.

1.Фонетикалык көнүгүүлөр.

Орус-тузем мектеби, үркүн, эл агартуу ишмери, акын, драматург, тунгуч профессор, жалган жалаа, камак, өлүм жазасы, ондогон эмгектери, партиянын мүчөсү, троцкийчил, коммунисттер, интеллигенттер, уюштуруучу, эл душманы, партиялык уюм, саясий жалаа жабуу деген сыяктуу сөз жана сөз айкаштары менен сүйлөм түзүшүп, сөздөрдү которуп, алгачкы түшүнүктөрдү алышат.

Орус группаларында инсандын өмүр жолун өтүү эң жөнөкөйдөн башталбаса, айрым сөздөр, сүйлөмдөр, сөз айкаштарынын маанисин түшүнбөсө, студент бүдөмүк, караңгы бойдон кала берет. Ар бир сөз, сүйлөм, орус тилине которулуп, башкача айтканда, лексика-семантикалык айкашуу нормаларын эстен чыгарбоо керек. Мындай иштөө лексикалык-семантикалык каталыктарды кетирбөөгө жана тилдик кубулуштарды аң-сезимдүү түрдө өздөштүрүүгө мүмкүндүк берет. Азыркы учурда лингвисттердин, психологдордун, педагогдордун милдети болуп, кыргыз тилине окуу предмети катары окуучулардын кызыгуусун, кыргызча речтик байланыш жасоо умтулуусун пайда кылуу жолдорун издөө саналат. Деги эле бардык иш-аракеттердей речтик иш-аракет да кызыгуудан, умтулуудан башталат. Речтик иш-аракетке кызыгууну, умтулууну психологияда, лингвистикада Л.С.Выготский, Н.И.Жинкина, И.Я.Зимняя көбүрөөк изилдешкен. Л.С.Выготский "Речтин, диалогдун ар бир бурулушунда, речтик ар бир жаңы кырдаалда умтулуу пайда болуп турат" деген. Демек, студенттин тиги же бул теманы өздөштүрүүсүнө кызыгууларынын, умтулууларынын жаралышы үчүн дагы ыкма бул - аңгемелешүү.

2.Аңгемелешүү.

Касым Тыныстановдун өмүр жолу, эмгектери, чыгармалары боюнча бул ыкмада төмөндөгүдөй суроолор болот:

1) К.Тыныстановдун туулган жылы, айы, жери?(сөзсүз түрдө жылдарды так жана туура айтууга өзгөчө көңүл бурулат)

2) Качан кат сабаты жоюлган?(кыска жана так жооп)

3) Орус-тузем мектебинде кайсы жылдары окуйт?(кыска жана так, катасыз жооп)

4) Кайсы институтта окуган? (Эгер студент бул суроого бир сүйлөмдөр менен жооп бергиси келсе, суроолорду кыска берүү керек: мисалы, Качан? Кайсы? Кайсы убакка чейин? ж.б)

5) Кандай эмгектери бар? Буга чейин студенттер текст менен тааныш болушкан жана кезеги менен ар бир эмгекти, чыккан жылдары белгилешет.

6) Айрыкча кайсы илимге чоң салым кошкон? Мына ушул суроодо студент кыйналышы мүмкүн. Себеби орус улутундагылар үчүн текстеги *кыргыз тил илими, кыргыз лингвистикасы, эл агартуу, илим изилдөө иштери* деген сөз айкаштары кыйла оор болушу ыктымал. Бул учурда доскада жазылган сөздөр, сүйлөмдөрдөн таап жооп берүүлөрүнө жардам берет.

7) Качан, кайсы жылы камакка алынган? Суроо жеңил болсо да, ар бир студент кайталап чыгуу керек.

3. Өз тилине которуу ыкмасы.

Өз тилине демекчи, жогорудагы текст, сөздөр, сөз айкаштарын, суроо-жоопторду которууда мугалимдин эки тилди билүүсү окуучунун которуудагы учурларына чоң көмөк көрсөтөт. Лексикалык айкаштуулукту туура колдонуу, түшүндүрүү, окуучуларга речте бат-бат кайталануучу типтүү кырдаалдарда сөздөрдүн маанисин туура түшүнүүгө, туура колдонууга көмөк берет жана

окуучулардын тилдик интуиция сезимин ойготууга, натыйжада, алардын речин байытууга шарт түзөт.

Кыргыз тилинде кеңири жалпылоо маанисиндеги сөздөр арбын жана алардын айкашуу мүмкүнчүлүктөрү чоң. Окутуу максатында лексиканы лингвистикалык талдап баяндоо бул өзгөчөлүктү өтө тыкандык менен эске алуу керек, себеби көп маанилүү сөздөр мурда анын семантикалык мүнөздөмөсү менен байланыштуу.

Мисалы: 1*) Касым Тыныстанов турмуштун ачуу-таттуусун көп көргөн, терең билимдүү жана кызыкчылык чөйрөсү өтө кеңири инсан болгон.* Бул сүйлөмдү которууда айрым сөздөргө токтолуу зарыл. Инсан-человек, жаран-гражданин, адам-человек деген маанилерин чечмелеп, сүйлөмдөө сөздү туура которууга багыт берүү керек.

Ачуу-таттуу – горький, сладкий; турмуштун ачуу-таттуусу – горечи и сладости жизни; ачуу жана таттуу жемиш – горькие и сладкие фрукты; ачуу жана таттуу калемпир – горький и сладкий перец деген сыяктуу котормолор менен сүйлөмдөгү сөздөрдүн туура которулушун камсыз кылуу керек.

2) *Касым Тыныстанов 1901-жылы 10-сентябрда Чырпыкты айылында кедей-дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган.* Бул сүйлөмдө кедей-бедный, кедей-батрак, дыйкан-дехкан, дыйкан-работник, дыйкан-колхозник ж.б. маанилеринин кайсынысы туура деген талдоо менен которуу ишке ашат.

3) *Касым кичинесинен эле зирек, окууну эңсеген бала эле.*

Зирек-умный, зирек-сообразительный, зирек-воспринимательный, зирек-тонкий ж.б. сөздөрдүн айкашууларын ушундай ыкма менен уюштуруу методикада зор ролду ойнойт жана орус группаларында кыргыз тилин өзгө тил катары окутуунун өзгөчөлүктөрүнө дал келет, синтагмалык катнаштарды тилдин коммуникативдик милдети ишке ашырат, башкача айтканда, коммуникативдик окутуу синтагмалык катнаштарга таянат.

Касым Тыныстановдун өмүр жолу татаал, андагы берилген материалдар да бир кыйла оор. Орус группалары үчүн жогорудагы ыкмаларды колдонуу менен гана сабактын максатына жетүү аракеттери көрүлөт.

Адабияттар:

1. Головин Б.Г. Основы культуры речи. – М.: Высшая школа, 1980.
2. Дербишев З.К., Жайнаков Н.Т. Кыргызский язык для лиц говорящих по-русски. – Бишкек, 1993.
3. Касымова Б., Токталиев К., Карыбаев А. Изучаем кыргызкий язык. – Фрунзе, 1991.
4. Хозяинов Г.И. Педагогическое мастерство преподавателя. – М.: Высшая школа, 1988.